**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**ЖИБЕК-ЖОЛУНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Жибек жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги III отуруму**

**ТОКТОМ**
**№ 18**

Согонду айылы 2024-жылдын 25-апрели

**Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн аймагындагы жайыттарды пайдаланууда жайыт акы төлөмүн белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 «Жайыттар жөнүндө» Мыйзамына жана КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 7-июнундагы №307 токтому менен бекитилген жайыттарды пайдалануу үчүн акы тартиби жөнүндөгү Типтүү жобого ылайык, Жибек-Жолу айылдык кеңешинин депутаты бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Байышбек уулу Урматбектин билдирүүсүн угуп жана талкуулап Жибек-Жолу айылдык кеңешинин отуруму **токтом кылат:**

1. Аймактык-территориалдык реформанын негизинде Ленин жана Бүлөлү аййыл өкмөттөрү бириктирилип Жибек-Жолу айыл өкмөтү түзүлгөндүктөн айыл өкмөттүн жайыт акы планы 443000 (төрт жүз кырк үч миң ) сомго белгиленсин;

2. Айыл өкмөттүн аймагындагы жайыттарды пайдаланууда жайыт акы төлөмү төмөнкүдөй болуп белигиленсин:

- Ири мүйүздүү мал, топоз жана жылкынын 1 башына жылына бир жолу 70 (жетимиш) сом;
- Кой-эчкинин 1 башына жылына бир жолу 20 (жыйырма) сом;
  Алыскы жайыттарга сырттан мал алып келген учурларга:
- Ири мүйүздүү мал, топоз жана жылкынын 1 башына жылына бир жолу 500 (беш жүз) сом;
- Кой-эчкинин 1 башына жылына бир жолу 50 (элүү) сом;

3. Жайыт акы төлөмүнүн жылдык планын топтоо жана толтуруу айыл өкмөттүн жайыт маселелери боюнча адиси К. Пазыловго айылдар боюнча жкындан жардам берүү ар бир айыл башчыга милдеттендирилсин;

4. Келишим менен берилген жана өзүм билемдик менен тосуп алган жерлерди тактоо боюнча иш алпаруу Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн башчысы Ж. Тажибаевге милдеттендирилсин;

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Төрага** **Орозали уулу Таалайбек**